
# Сүт тиш



Автор: Решма Тхапа Гурунг

Сүрөтчү: Канато Джимо

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Сүт тиш

Автор: Решма Тхапа Гурунг

Сүрөтчү: Канато Джимо

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде

Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*The Very Wiggly Tooth*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Сүт тиш" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Решма Тхапа Гурунг, сүрөтчү Канато Джимо, Pratham Books ©2018 CC 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: //storyweaver.org.in/stories/26702-the-very-wiggly-tooth

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Апа, менин тишим бошоп калды.

Бул Аселдин бошогон алгачкы тиши эле. Ал сүйүнүп да, коркуп да турду.



– Кызым, сен аны тилиң менен кыймылдатып бошотсоң болот, – деди апасы.

Асел тишин тили менен түрткүлөп көрдү. Бирок тиши түшкөн жок.

– Кыязы, тиш түшкөнгө даяр эмес окшойт. Ал кийин өзү эле түшөт, – деди апасы.





Асел атасынан сурап көрөйүн деп чечти.

– Ата, менин тишим бошоп калыптыр, – деп сыймыктана айтты кыз. Атасы тишин акырын кыймылдатып көрүп:

– Тишиң азыр түшпөйт. Бир аз күтө турсаң, өзү эле түшүп калат, – деди.

Бирок Асел күткүсү келген жок. Ал узун жип алып, бөлмөсүнө кирип  кетти. Кыз жиптин бир учун тишине, экинчи учун эшиктин туткасына байлады. Ал жерге отуруп, эшикти ким ачат деп күтө баштады.





Ал күттү... күттү... күттү. Бирок эч ким ачкан жок.




Ал жипти чечип, оор үшкүрүнүп, керебетке отуруп калды..



Бул маалда бөлмөгө эжеси Айдай келип калды


– Минткениң туура эмес. Кааласаң, жипти мен тартып көрөйүн. Балким, тишиң түшүп калат, – деди эжеси.

Айдай жипти кармап тартып көрдү. Асел көзүн жумуп, оозун чоң ачты.

– Бир, эки, үч, – деп Айдай байланган тишти тартты.

– Аааа! – деп Айдай кыйкырып жиберди.

– Тишиң түшпөйт. Бошогондо өзү эле түшүп калат, – деди эжеси.





– Тишим эч качан түшпөйт окшойт, – деп Асел капаланып.

– Биз кичинекей кезибизде курбум экөөбүз түшкөн тиштерди чатырга ыргытчубуз.

Анан сыйкырчы чычкандан жаңы тиш сурачубуз. Түшүп калган тиштерибиздин ордуна чычкандыкындай күчтүү тиш чыкса деп тилечүбүз", – деди апасы.



Ошол күнү Асел түшүндө чычканды көрдү. Ал кичинекей жана жылтырак нерсени колуна кармап турган экен. Чычкан кызды карап жылмайып, ийинине кирип кетти.

Асел ойгонору менен, оюна дароо тиши келди. Тили менен бошотоюн деди. Бирок тиши жок болуп чыкса болобу! Ал тишин жутуп алганбы? Же уктап жатканда, бирөө сууруп алганбы? Тиш кайда кетти?

Мынакей тиш! Тиш жаздыктын жанында жатыптыр. Асел тишти алып, көчөгө чуркап чыкты





– Чычкан, чычкан, тишимди алып, жаңысын бер! – деп суранды.

Асел сүт тишин чатырга ыргытты. Болгон окуяны апасына айтуу үчүн кубанган бойдон үйдү көздөй чуркады.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Решма Тхапа Гурунг
Сүрөтчү: Канато Джимо
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли